## 2023-жылдагы Кыргыз Республикасынын калкынын кедейчилик деңгээли

Кыргыз Республикасындагы калктын бакубат жашоо деңгээлин баалоонун натыйжалары Улутстатком тарабынан ар бир квартал сайын 5 016 үй чарбасына жүргүзүлгөн үй чарбалардын бюджетинин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт. Сурамжылоонун натыйжалары көрсөткөндөй, керектөө чыгымдары боюнча эсептелген кедейчиликтин деңгээли 2023-жылы жалпы республика боюнча 29,8 пайызды түзүп, мурунку жылга карата 3,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн.


Кедейчиликтин деңгээлин баалоо үчүн 2023-жылдагы үй чарбалардын бюджетинин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча кайрадан эсептелген кедейчиликтин чеги босоголук белги катары колдонулган. Кедейчиликтин чегин кайрадан эсептөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген “Кедейчиликтин чегин аныктоонун методикасына” ылайык жүргүзүлгөн жана он пайыздык босогодон ашкан инфляциянын деңгээли менен шартталган. 2023-жылы керектөө бааларынын индекси (КБИ) өткөн жылга салыштырмалуу 110,8 пайызды түзгөн, мында азык-түлүк товарларынын жана алкоголсуз суусундуктардын КБИ 108,4 пайыз, ал эми азык-түлүк эмес товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн КБИ 112,0 пайыз деңгээлинде түзүлгөн. 2023-жылы кедейчиликтин жалпы чегинин нарктык чоңдугу калктын жан башына алганда 62 999 сомду, ал эми өтө кедейчиликтин нарктык чоңдугу 40 654 сомду түзгөн.

Айыл жерлериндеги кедейчиликтин деңгээли 3,0 пайыздык пунктка, ал эми шаар жерлеринде 3,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

2023-жылы 2 млн. 135 миң адам кедейчиликтин чегинде жашаган, алардын 62,8 пайызы айыл жерлериндеги калктуу пункттардын жашоочулары болуп саналат. Мында 0-17 жаштагы балдардын 36,7 пайызы же 1 млн. 43 миң адам кедейчилик шарттарында жашаган.

**1-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*



2023-жылы кедейчиликтин деңгээли мурунку жылга салыштырмалуу Жалал-Абад облусунда – 11,0, Нарын облусунда – 3,9, Талас облусунда - 0,7, Баткен облусунда - 0,4 пайыздык пунктка жана Ысык-Көл облусунда - 0,3 пайыздык пунктка төмөндөдү. Муну менен катар, кедейчиликтин деңгээлинин, Ош жана Чүй облустарында 0,5 пайыздык пунктка өсүшү белгиленди. Бишкек жана Ош шаарларында кедейчиликтин деңгээли тиешелүүлүгүнө жараша 3,3 жана 12,7 пайыздык пунктка төмөндөдү.

**1-таблица. Аймактар боюнча кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **20,1** | **25,3** | **33,3** | **33,2** | **29,8** |
| Баткен облусу | 32,6 | 34,7 | 40,7 | 48,5 | 48,1 |
| Жалал-Абад облусу | 26,9 | 37,2 | 43,2 | 47,1 | 36,1 |
| Ысык-Көл облусу | 24,4 | 27,9 | 38,1 | 31,2 | 30,9 |
| Нарын облусу | 28,1 | 36,8 | 39,2 | 42,0 | 38,1 |
| Ош облусу | 14,0 | 18,8 | 23,8 | 19,9 | 20,4 |
| Талас облусу | 13,3 | 12,5 | 23,5 | 23,9 | 23,2 |
| Чүй облусу | 19,1 | 25,4 | 27,0 | 26,1 | 26,6 |
| Бишкек ш. | 11,9 | 16,8 | 35,8 | 35,7 | 32,4 |
| Ош ш. | 20,7 | 14,7 | 28,6 | 26,6 | 13,9 |

2023-жылы өтө кедейчиликтин деңгээли жалпы республика боюнча 5,0 пайызды түздү жана мурунку жылга салыштырганда 1,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн. 354,9 миң адам өтө кедейчиликтин чегинде жашаган, анын 61,2 пайызы айыл жерлериндеги калктуу пункттардын жашоочулары болуп саналат.

Өтө кедейчилик Ош шаарында - 5,6 пайыздык пунктка, Жалал-Абад облусунда - 4,1 пайыздык пунктка, Ысык-Көл облусунда - 1,6 пайыздык пунктка, Нарын облусунда – 1,1, Чүй облусунда - 0,6, Баткен облусунда – 0,4 жана Ош облусунда - 0,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Муну менен катар, кедейчиликтин деңгээлинин Бишкек шаарында – 1,8 пайыздык пунктка жана Талас облусунда 2,0 пайыздык пунктка өсүшү белгиленди.

**2-таблица. Аймактар боюнча кедейчиликтин эң төмөн деңгээли**


*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **0,5** | **0,9** | **6,0** | **6,0** | **5,0** |
| Баткен облусу | 0,3 | 1,6 | 10,1 | 16,5 | 16,1 |
| Жалал-Абад облусу | 0,6 | 1,5 | 7,5 | 9,1 | 5,0 |
| Ысык-Көл облусу | 1,3 | 0,4 | 8,0 | 8,8 | 7,2 |
| Нарын облусу | 2,5 | 4,5 | 8,2 | 6,7 | 5,6 |
| Ош облусу | 0,9 | 0,0 | 2,1 | 0,5 | 0,3 |
| Талас облусу | 0,0 | 0,0 | 2,6 | 2,2 | 4,2 |
| Чүй облусу | 0,2 | 1,3 | 4,0 | 5,1 | 4,5 |
| Бишкек ш. | 0,0 | 0,3 | 9,5 | 3,9 | 5,7 |
| Ош ш. | 0,0 | 0,0 | 3,1 | 7,0 | 1,4 |

2023-жылы айыл жерлеринде өтө кедейчиликтин деңгээли мурунку жылга салыштырмалуу 1,4 пайыздык пунктка жана шаар жеринде 0,4 пайыздык пунктка азайган.

**2-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин эң төмөн деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*




2023-жылы кедейчиликтин чегине салыштырмалуу кедей калктын бюджетинин тартыштыгын мүнөздөгөн кедейчиликтин тереңдиги 6,3 пайызды түзгөн жана мурунку жылга салыштырмалуу 0,5 пайыздык пунктка төмөндөгөн, ал эми кедейчиликтин курчтугу 1,8 пайызды түзүп, 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Кедейчиликтин деңгээлин эсептөө үчүн керектөөнүн наркы колдонулат, баалоо боюнча ал калктын кирешесинен түздөн-түз көз каранды. Милдеттүү төлөмдөрдү жана төгүмдөрдү чыгарып салуу менен кирешелерди мүнөздөгөн калктын жан башына алгандагы колдо бар акчалай кирешелери айына 9 716,0 сом деңгээлинде түзүлдү жана мурунку жылга салыштырмалуу 22,2 пайызга өстү, бул абсолюттук мааниде 1 767,7 сомду түздү, ал эми анын реалдуу өсүүсү 108,5 пайызды түзгөн. 2023-жылдагы калктын жан башына алгандагы колдо бар орточо акчалай кирешелери эмгек акыдан түшкөн кирешенин 21,2 пайызга, жеке эмгек ишмердигинен түшкөн кирешенин 20,8 пайызга жана социалдык трансферттердин 23,1 пайызга өсүшү менен мүнөздөлөт.

Калктын акчалай кирешелеринин негизги булагы эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелер болуп саналды, колдо бар кирешелердин түзүмүндөгү алардын салыштырма салмагы 70,9 пайызды түздү, ал эми социалдык трансферттер 14,7 пайызды, жеке көмөкчү чарбаларда өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн кирешелер 10,8 пайызды түзгөн.

Калктын жан башына алгандагы колдо бар орточо акчалай кирешелеринин түзүмүндө эмгек акынын үлүшү 42,7 пайызды, жеке эмгек ишмердигинин үлүшү 13,0 пайызды түздү.

Кирешелердин 15,1 пайызы калктын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда ишке ашырылган эмгек ишмердигине туура келе тургандыгын белгилей кетүү керек. Өлкөнүн чегинен тышкары жактарда ишке ашырылган эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелердин үлүшү Баткен облусундагы үй

чарбалардын жалпы кирешесинин 29,8 пайызын, Ош – 25,3, Жалал-Абад – 22,2, Чүй – 10,8 пайызды жана Ош шаарында 9,8 пайызды түздү.

**3-таблица. Аймактар боюнча калктын колунда болгон акчалай кирешелеринин түзүмү**

*(пайыз менен)*

| | Эмгек ишмердиги | | Социалдык трансферттер | Жеке көмөкчү чарбалар-дан түшкөн киреше | Башка киреше |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | анын ичинде Кыргыз Республика-сынан тышкары | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **70,9** | **15,1** | **14,7** | **10,8** | **3,6** |
| Баткен облусу | 69,1 | 29,8 | 16,3 | 11,6 | 3,1 |
| Жалал-Абад облусу | 74,8 | 22,2 | 9,6 | 11,2 | 4,4 |
| Ысык-Көл облусу | 48,4 | 7,2 | 17,0 | 28,3 | 6,3 |
| Нарын облусу | 46,1 | 0,5 | 25,5 | 23,5 | 4,9 |
| Ош облусу | 72,4 | 25,3 | 15,8 | 9,9 | 2,0 |
| Талас облусу | 48,6 | 7,5 | 15,3 | 34,1 | 1,9 |
| Чүй облусу | 71,4 | 10,8 | 16,0 | 9,6 | 3,0 |
| Бишкек ш. | 83,2 | 1,7 | 13,3 | 0,0 | 3,6 |
| Ош ш. | 77,2 | 9,8 | 16,6 | 0,0 | 6,2 |

Калктын жашоосунун материалдык абалына тышкы факторлор таасирин тийгизет. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, эмгек мигранттарынын кирешелерин керектөөнүн наркынан алып салганда кедейчиликтин деңгээли жалпы республика боюнча орточо эсеп менен 29,8 пайыздан 41,6 пайызга чейин өсөт. Мында Ош облусундагы кедейчилик - 20,4 пайыздан 44,1 пайызга чейин, Баткен облусунда - 48,1 пайыздан 65,8 пайызга чейин, Жалал-Абад облусунда - 36,1 пайыздан 50,7 пайызга чейин, Чүй облусунда - 26,6 пайыздан 34,1 пайызга чейин, Ысык-Көл облусунда - 30,9 пайыздан 38,2 пайызга чейин, Ош шаарында 13,9 пайыздан 21,6 пайызга чейин жогорулайт, ошол эле убакта калган региондордо анын көрсөткүчү көп өзгөрүлбөйт.

**4-таблица. Кыргыз Республикасынан тышкары эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелерди эсепке албагандагы кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **31,2** | **34,6** | **42,8** | **43,3** | **41,6** |
| Баткен облусу | 53,7 | 53,6 | 60,9 | 68,5 | 65,8 |
| Жалал-Абад облусу | 42,4 | 50,2 | 56,0 | 57,5 | 50,7 |
| Ысык-Көл облусу | 26,8 | 29,1 | 43,1 | 37,4 | 38,2 |
| Нарын облусу | 28,5 | 36,8 | 39,2 | 42,3 | 38,2 |
| Ош облусу | 37,7 | 37,6 | 40,5 | 41,1 | 44,1 |
| Талас облусу | 16,5 | 17,8 | 30,3 | 29,2 | 28,7 |
| Чүй облусу | 24,9 | 29,4 | 34,0 | 33,7 | 34,1 |
| Бишкек ш. | 11,9 | 16,9 | 36,2 | 37,0 | 34,5 |
| Ош ш. | 26,9 | 24,2 | 32,5 | 29,9 | 21,6 |

Эмгек мигранттарынын кирешелери өтө кедейчиликке олуттуу таасирин тийгизет, аларды чыгарып салганда кедейчиликтин эң төмөн деңгээли 5,0 пайыздан 19,3 пайызга чейин өсөт.

Мурдагыдай эле калктын жогорку жыштыгы сакталууда, анын керектөө наркы кедейчиликтин чегинин чоңдугунан бир аз айырмаланат. Кедейчиликтин чегинин сезгичтигин талдоо көрсөткөндөй, 2023-жылы бакубатчылык индикаторунун өзгөрүлбөй түзүлгөн чоңдугу кедейчиликтин чегинин 5,0 пайызга же калктын жан башына алганда айына 262 сомго өсүү шартында кедейлердин үлүшү 5,8 пайыздык пунктка өсөт, ал эми кедейчиликтин чеги 5,0 пайызга төмөндөгөндө кедейлердин үлүшү 2,6 пайыздык пунктка азаят. Ошентип, кедейчиликтин чегинин айланасындагы калктын тыгыз концентрациясы калктын олуттуу бөлүгүнүн кедей эместер категориясынан кедейлер категориясына өтүү же тескерисинче болуу ыктымалдуулугун күчөтөт, бул региондордун кедейчилик деңгээлинин көрсөткүчтөрүнө чагылдырылат жана кедейчиликтин көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясын жарым-жартылай түшүндүрөт.

2023-жылдагы калктын 29,8 пайызы кедейчилик шартында жашаса, калктын 9,8 пайызы кедейчилик кооптуулугу бар зонада болгон.